**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
======================
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**
723510 Ош ш. Э.Алиев көч. № 128,
тел.(03222) ) 4-85-34, факс 4-82-82

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**
======================
**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
723510 Ош ш. Э.Алиев көч. № 128,
тел.(03222) 4-85-34, факс 4-82-82

28.04.24 №32-3/3237
_______№_______

**Ош ОШКнын төрагасы**
**К.Бердибековага**

Сизге, Ош ШИИБдин КБРнин маалымат электрондук журналына катталган 02-041-2024-001227 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иш боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде кабыл алынган кылмыш иш козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтомдун бир көчүрмөсүн маалымат иретинде жиберет.

Токтом: 2 баракта.

**Ош ШИИБнын Тергөө кызматынын башчысы**
**милициянын полковниги** **К.А.Тургуналиев**

Атк:
ТК: Жолдошов С. 0557 08 18 79

№ 02-041-2024-001227-01-001-000638

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары 28.04.2024 -ж./г.

Мен Ош ШИИБдин ТКнын тергөөчүсү милициянын капитаны Жолдошов С.К., Ош ШИИБдин КБРнин маалымат электрондук журналына 02-041-2024-001227 саны менен катталган тергөөгө чейинки текшерүү материалын карап чыгып,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн ТКнын начальниги милициянын ага лейтенанты С.Султанов тарабынан билдирүү түшүп, анда 2024-жылдын 28-апрель күнү саат 12:15 чамасында Ош шаарынын Сүйүнбаев көчөсүнүн №41а дарегиндеги №5553 шайлоо участогунан №7 талапкери Эргешов Бекмурза Аскарбаевичтин шайлоо боюнча ишенимдүү өкүлү Мэлис Обосуй уулу, "эртеден бери биздин апаненттер бир ай ичи эч жерден штаб ачкан жок, бир да агитатор алып иштеген жок, бир жерден өздөрүнүн элдери менен жолуккан жок, азыр эми ар бир УИКтин астына келип алып №7 ге тийиштүү биздин адамдар"- деп, ар кандай провокация кылып ар кандай мыйзам бузууларга оздору барып жатат, ал адамдар менен биздин эч кандай тиешебиз жок сиздерден сураныч алдын ала чара көрүп бериниздер деп суранып телефон аркылуу кайрылган.

Бул боюнча алынган маалымат, 2024-жылдын 28-апрель күнү Ош шаардык ИИБнын КБРнин маалымат электрондук журналына 02-041-2024-001227 саны менен катталып, текшерүү иштери башталган.

Текшерүү учурунда, алынган маалыматты жеринен текшерүү үчүн ыкчам-тергөө тобу окуя болгон жерге, тактап айтканда Ош шаарынын Сүйүнбаев көчөсүнүн №41а дарегиндеги №5553-шайлоо участогуна барып, кабар берген М. Обосой уулу менен жолукканы мүмкүнчүлүк болбой, ал менен 0555565686 телефон аркылуу байланышкан учурда бошобой жатканын жана жолуга албашын айткандыктан, бул боюнча жеринен акт түзүлүп ошол жерде ага кабар берген №5553-шайлоо участогунан №7-талапкер Эргешов Бекмурза Аскарбаевичтин ишенимдүү өкүлү А.Туралиева суракка алынып, ал өзүнүн берген көрсөтмөсүндө "аталган шайлоо учусткасында башка талапкерлердин байкоочулары элдер менен сүйлөшүү иштерин жүргүзүп жатышат, менин оюм боюнча, алар шайлоочуларга талапкерлерди шайлап кой деп жатышат окшойт, бирок кайсы талапкерге добуш бергиле деп айтып жатканын уккан жокмун"- деп билирген.

Ал эми, аталган шайлоо участогунун төрөгасы К.Пазылов өзүнүн берген көрсөтмөсүндө, шайлоо башталып шайлоочулардын катышууулары сууз экенин, шайлоого ар бир талапкердин ишенимдүү өкүлдөрү катышып жатканын жана талапкер Б.Эргешовдун ишенимдүү өкүлү А.Туралиеванын айтып жатканы боюнча көзүм менен көргөн жокмун, кулагым менен уккан жокмун, азыркы убакта кырдаал тынч-деп билдирген.

Андыктан, жогорудагылардын негизинде топтолгон материалдарды карап чыгып, аталган окуяда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан кылмыш иш козгоодон баш тартып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине депутаттарды шайлоо учурунда, үгүт иштерин жүргүзүүдөгү талаптардын бузулуусунун алдын алуу үчүн токтомдун көчүрмөсү Ош шаардык Аймактык

шайлоо комиссиясына жиберилүүгө жатат деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. 02-041-2024-001227 саны менен катталган материал боюнча, кылмыштын курамы аныкталбагандыктан кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2. Токтомдун бир көчүрмөсү маалымат иретинде Ош шаардык Аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин.
3. Токтомдун мазмуну кызыккан тараптарга маалыматтандырылып, аларга укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
4. Токтомдун бир көчүрмөсү көзөмөл иретинде Ош шаардык прокуратурасына жиберилсин.

Тергоочу Жолдошов Семетей Касымович